Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги

Заманбап эл аралык университет

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

Окуу куралы

(Укуктаануу адистиги үчүн)

Жалал-Абад ш.

2023-ж.

УДК 81(075)
ББК 81.2Кия73

Автор: Эрматова А.
Рецензенттер:
Филология илимдеринин доктору, профессор Б. Е. Дарбанов,
Филология илимдеринин кандидаты, доцент Ажыбаева З.

Студенттердин кыргыз тили предмети боюнча таалим-тарбия алышы, аны практикада колдоно билиши, кыргыз тилин окутуунун максатын аныктайт. Окутуу процессиндеги жогоруда аныкталган максаттар 4 компоненттин негизинде ишке ашырылат:

1.Билим берүүчүлүк компоненттин максаты – лингвистикалык жана филологиялык илимдин негиздерин таанып-билүү жана иш кагаздарын үйрөнүү аркылуу студенттердин кругозорун кеңейтүү жана кыргыз элинин сүйлөө маданиятын терен өздөштүрүүгө жетиштүү.

2. Өркүндөтүүчүлүк компоненттин максаты – кыргыз тили брюнча өздөштүргөн билимин андан ары тереңдетип өнүктүрүү, тил табиятына жана көркөм сөз өнөрүнө болгон кызыгуусун арттыруу.

3. Тарбиялык компоненттин максаты – кыргыз элинин көркөм өз өнөрүнүн бай казнасы менен тааныштыруу, аларды элдик каада-салтын, үрп-адатын адеп-ахлагын, коомчулук алдындагы адамдык парзын адабий тексттерде көркөм берилиши аркылуу элдик рухий дүйнонү таанытуу, улуттук аң сезимин өнүктүрүү.

4. Практикалык компоненттин максаты – кыргыз тилинин практикалык курсу жана сүйлөшүү, жазуу ишмердүүлүгү боюнча алган билгичтиктерин, көндүмдөрүн, баалуулуктардын турмуштун ар түрдүү кырдаалдарында колдоно билүү.

Ал эми кыргыз тилин үйрөтүүдөгү негизги максаттар төмөндөгүдөй милдеттердин ишке ашырылышын көздөйт.

1.Турмуштук кырдаалдар боюнча сүйлөшө турган жана окула турган тексттердин тематикаларын аныктоо;

2.Тилдик материалдардын курулуш каражаттарын (фонетикалык, лексикалык, грамматикалык) аныктоо;

3.Билим берүүнүн гумандаштыруу процессине басым жасоо.

4. Мурдагыдай маалыматтык “билимдик” мамилеге эмес, өнүктүрүүчү жана ишмер мамилеге басым жасоо.

5. Билим алууга жоопкерчиликтүү, аң-сезимдүү мамиле жасаган социалдык жактан активдүү инсанды тарбиялоого багыт берүү.